| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**КҮМҮШТАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУМУШТАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ №1

**Күмүштак айылдык кеңешинин биринчи сессиясы**

**2024-жыл 29-ноябрь** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айылдык кеңешинин торагасын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө**

Эсептөө комиссиясынын Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча №3-протоколун жана Эсептөө комиссиясынын төрагасынын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Эсептөө комиссиясынын Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө 2024-жылдын №3/2-протоколу бекитилсин.

2. **Акматов Батырбек Сейдалиевич** Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасы болуп шайлангандыгы таанылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Бейшебаев Э.**

**Күмүштак айылдык кенешинин төрагасын кайрадан шайлоо боюнча Эсептөө комиссиясынын №3/2-протоколу**

**29.11.2024-жыл** **Боо-Терек айылы**

Катышышты:

| | |
|---|---|
| Эсептөө комиссиясынын төрагасы: | Сопубеков Шакир Суеркулович |
| Эсептөө комиссиясынын катчысы: | Ашымова Нурила Жамбыловна |
| Эсептөө комиссиясынын мүчөсү: | Раманкулова Алтынай Асылбековна |

**Күн тартиби:**

1. Күмүштак айылдык кенешинин төрагасын кайрадан шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө.

Эсептөө комиссиясынын төрагасы Сопубеков Шакир Суеркулович, күн тартиби, Күмүштак айылдык кенешинин төрагасын шайлоо, добуш берүүнүн тартиби, бекитилген шайлоо бюллетенинин формасы менен тааныштырды.

Күмүштак айылдык кенештин төрагасынын кызматына төмөндөгү талапкерлер сунушталган:

1. Акматов Батырбек Сейдалиевич;

2. Джуманазаров Кубат Назанович.

Күмүштак айылдык кенешинин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы боюнча, эсептөө комиссиясы аныктады:

1. Күмүштак айылдык кенешинин депутаттарынын жалпы саны: 21 (жыйырма бир).

2. Даярдалган шайлоо бюллетендеринин саны: 21 (жыйырма бир).

3. Добуш берүүгө катышышкан депутаттардын саны: 21 (жыйырма бир).

4. Депутаттарга берилген шайлоо бюллетендердин саны: 21 (жыйырма бир).

5. Пайдаланылбаган шайлоо бюллетендердин саны: 0 (ноль).

6. Добуш берүү үчүн урнадан чыгарылган шайлоо бюллетендердин саны: 21 (жыйырма бир).

7. Жарактуу шайлоо бюллетендердин саны: 21 (жыйырма бир).

8. Жараксыз шайлоо бюллетендердин саны: 0 (ноль).

**Талапкерлердин пайдасына берилген добуштардын саны:**

1. Акматов Батырбек Сейдалиевич – 11 (он бир);

2. Джуманазаров Кубат Назанович – 4 (төрт);

3. Баарына каршы – 6 (алты).

Күмүштак айылдык кенешин төрагасынын кызматына ар бир талапкер боюнча шайлоонун жыйынтыгы аныкталды, ушуга ылайык эсептөө комиссиясы

**Чечти:**

1. Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын көпчүлүк добушун алгандыктан **Акматов Батырбек Сейдалиевич** Күмүштак айылдык кенештин төрагасы болуп шайлангандыгы таанылсын.

2. Бул протокол Күмүштак айылдык кенештин сессиясына бекитүү үчүн жиберилсин.

**Эсептөө комиссиясынын төрагасы:** **Сопубеков Шакир Суеркулович**

**Эсептөө комиссиясынын катчысы:** **Ашымова Нурила Жамбыловна**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ №2

**Күмүштак айылдык кеңешинин биринчи сессиясы**

**2024-жыл 29-ноябрь** **Боо-Терек айылы**

## Күмүштак айылдык кеңештин төрагасынын орун басарын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө

Эсептөө комиссиясынын Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо боюнча №4-протоколун жана Эсептөө комиссиясынын төрагасынын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Эсептөө комиссиясынын Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө 2024-жылдын №4-протоколу бекитилсин.

2. **Жандаралиев Асан Мырзабекович** Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары болуп шайлангандыгы таанылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**

## Күмүштак айылдык кеңештин төрагасынын орун басарын шайлоо боюнча Эсептөө комиссиясынын №4-протоколу

29.11.2024-жыл

Боо-Терек айылы

Катышышты:

Эсептөө комиссиясынын төрагасы: Сопубеков Шакир Суеркулович

Эсептөө комиссиясынын катчысы: Ашымова Нурила Жамбыловна

Эсептөө комиссиясынын мүчөсү: Раманкулова Алтынай Асылбековна

**Күн тартиби:**

1. Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө

Эсептөө комиссиясынын төрагасы Сопубеков Шакир Суеркулович, күн тартиби, Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо, добуш берүүнүн тартиби, бекитилген шайлоо бюллетенинин формасы менен тааныштырды.

Күмүштак айылдык кенешинин төрагасынын орун басары кызматына төмөндөгү талапкерлер сунушталган:

1. Жандаралиев Асан Мырзабекович;

2. Токтогул уулу Илбирсбек.

Күмүштак айылдык кенешинин төрагасынын орун басарын шайлоонун жыйынтыгы боюнча. эсептөө комиссиясы аныктады:

1. Күмүштак айылдык кенешинин депутаттарынын жалпы саны: 21 (жыйырма бир).

2. Даярдалган шайлоо бюллетендеринин саны: 21 (жыйырма бир).

3. Добуш берүүгө катышкан депутаттардын саны: 21 (жыйырма бир).

4. Депутаттарга берилген шайлоо бюллетендердин саны: 21 (жыйырма бир).

5. Пайдаланылбаган шайлоо бюллетендердин саны: 0 (ноль).

6. Добуш берүү үчүн урнадан чыгарылган шайлоо бюллетендердин саны: 21 (жыйырма бир).

7. Жарактуу шайлоо бюллетендердин саны: 21 (жыйырма бир).

8. Жараксыз шайлоо бюллетендердин саны: 0 (ноль).

**Талапкерлердин пайдасына берилген добуштардын саны:**

1. Жандаралиев Асан Мырзабекович – 16 (он алты)

2. Токтогул уулу Илбирсбек - 4 (төрт)

3. Баарына каршы – 1 (бир).

Күмүштак айылдык кенешинин төрагасынын орун басары кызматына ар бир талапкер боюнча шайлоонун жыйынтыгы аныкталды, ушуга ылайык эсептөө комиссиясы

**чечти:**

1. Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын көпчүлүк добушун алгандыктан **Жандаралиев Асан Мырзабекович** Күмүштак айылдык кеңештин төрагасынын орун басары болуп шайлангандыгы таанылсын.

2. Бул протокол Күмүштак айылдык кенешинин сессиясына бекитүү үчүн жиберилсин.

**Эсептөө комиссиясынын төрагасы:** **Сопубеков Шакир Суеркулович**

**Эсептөө комиссиясынын катчысы:** **Ашымова Нурила Жамбыловна**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жыл 29-ноябрь №3** **Боо-Терек айылы**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы "Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" №271 сандуу Жарлыгын аткаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы "Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" №271 сандуу Жарлыгын аткаруу боюнча маалыматтарды угуп, талкуулап, Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаттарынын I сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы "Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" №271 сандуу Жарлыгы аткарууга алынсын.
2. 2024-жылдын 20-декабрында Бишкек шаарында Кезектеги III Элдик Курултай чакырылгандыгы эске алынсын.
3. Күмүштак айыл аймагында Кезектеги III Элдик Курултайды уюштуруу боюнча иш-чаралар планы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Күмүштак айыл аймагында Кезектеги III Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Күмүштак айыл аймагынын жамааттарында өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү шайлоо жана Кезектеги III Элдик Курултайга эки делегатты шайлоо графиги №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Күмүштак айыл аймагында өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү шайлоо №4 тиркемедеги Жобого ылайык бекитилсин.
7. Өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдүн саны 100 делегат деп белгиленсин. Күмүштак айыл аймагынан Кезектеги III Элдик Курултайга эки делегат шайлансын. Күмүштак айыл аймагында Кезектеги III Элдик Курултай Боо-Терек айылынын маданият үйүндө өткөрүлсүн.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Б.Акматов**

**№1 тиркеме**

**Күмүштак айыл аймагында жергиликтүү Элдик Курултайды уюштуруу, откөрүү жана Бишкек шаарында өтүүчү Кезектеги III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча иш-чаралар планы:**

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Аткарууга жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Күмүштак айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу, жергиликтүү Курултайга 100 делегатты шайлоо. | Күмүштак айыл аймагында жергиликтүү Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ | Бекитилген графиктин негизинде |
| 2 | Күмүштак айыл аймагындагы жергиликтүү Элдик Курултайды даярдоого жана өткөрүүгө материалдык-техникалык жактан камсыздоо. | Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаев | 2024-жылдын 4-декабрына чейин |
| 3 | Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын жана өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү мезгилинде укук коргоо органдары менен макулдашып мыйзамдуулукту жана коомдук тартипти сактоо боюнча иш аракеттерди жүргүзүү | Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаев | 4, 5, 7-декабрь 2024-жыл |
| 4 | Күмүштак айыл аймагында өтүүчү жергиликтүү Элдик Курултай жөнүндө маалыматтарды эл арасына жайылтуу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Айыл өкмөтү, жумушчу топ | Ноябрь, декабрь 2024-жыл |
| 5 | Жергиликтүү кеңешке жергиликтүү Курултайдын делегаттарынын чогулуш жыйындарынын протоколдорун жана анкеталарын берүү | Жумушчу топ | 2024-жылдын 6-декабрына чейин |
| 6 | Жергиликтүү жамааттарда делегаттарды шайлоо күнү протокол түзүүгө жардам көрсөтүү | Күмүштак айылдык кеңешинин катчысы С.Саткыналиева, жумушчу топ | График боюнча |
| 7 | Күмүштак айыл аймагында жалпы Элдик жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү | Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаев, жумушчу топ | 2024-жылдын 7-декабры |

**Катчы** (signature) **С.Саткыналиева**

**№2 тиркеме**

**Күмүштак айыл аймагында жергиликтүү Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы:**

1. Акматов Б. – Күмүштак айылдык Кеңешинин төрагасы, өкүлчүлүктүү жыйындын төрагасы;
2. Жандаралиев А.- Күмүштак айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басары, өкүлчүлүктүү жыйындын төрагасынын орун басары;
3. Саткыналиева С. - Күмүштак айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы, жумушчу топтордун катчысы;

**Жумушчу топтордун мүчөлөрү:**

4. Токтогул уулу И.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
5. Эсенаманов М. - Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
6. Абдрахманов Б.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;;
7. Жандаралиев А. - Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
8. Соорбекова А.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
9. Сатымкулова Г.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
10. Бейшебаев Э. - Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
11. Джуманазаров К. - Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
12. Раманкулова А.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
13. Супатаев Б. - Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
14. Ашымова Н.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
15. Тойчубеков Б.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
16. Макатаев А. - Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
17. Сатыбалдиев Э.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
18. Сопубеков Ш.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
19. Тойчубекова З.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
20. Асанова В.- Күмүштак айылдык Кеңешинин депутаты;
21. Кабылова С. - айыл өкмөтүнүн ВУС кызматкери;
22. Надырбаева Э. - айыл өкмөтүнүн өзгөчө кырдаалдар, пробация, укук коргоо жана коррупция боюнча жетектөөчү адис;
23. Жузупбекова А. - айыл өкмөтүнүн социалдык маселери боюнча адиси;
24. Учкемпирова Г. - айыл өкмөтүнүн экономика жана статистика боюнча жетектөөчү адиси;
25. Куланбаева Г. - Боо-Терек айылынын китепканачысы ;

26. Тойчубеков А. - айыл өкмөтүнүн киреше боюнча башкы адиси;

27. Аблаев Дж. - айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча адиси;

28. Алымкулова А. - айыл өкмөтүнүн санариптештирүү, IT технология жана иш кагаздарын жүргүзүү боюнча башкы адиси ;

29. Шейшенбеков Ч. - айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу жана айыл чарба маселери боюнча жетектөөчү адиси;

30. Джекшенканов Ю. - айыл өкмөтүнүн кызматкери;

31. Рахманкулова С. - айыл өкмөтүнүн ВУС кызматкери;

32. Бегалиева К.- 1-Май айылынын башчысы;

33. Таштанова Н. - айыл өкмөтүнүн киреше боюнча адиси;

34. Алтынбек уулу Т. – Кыргызстан айылынын башчысы;

35. Бешкемпиров А. - айыл өкмөтүнүн мамлекеттик сатып алуулар жана инвестиция тартуу боюнча жетектөөчү адиси;

36. Даниярова А. - айыл өкмөтүнүн соц. коргоо жана социалдык-маданий маселелер боюнча жетектөөчү адиси;

37. Айтпаева К. - айыл өкмөтүнүн башкы бухгалтери;

38. Сулайманов А. – Кыргызстан айылынын маданият үйүнүн жетекчиси;

39. Сманалиева Э. – Кыргызстан айылынын китепканачысы;

40. Довлеталиев А. – Жон-Коргон айылынын башчысы;

**Катчы** **С.Саткыналиева**

**№3 тиркеме**

**Күмүштак айыл аймагында жергиликтүү Элдик курултайды өткөрүү графиги:**

| № | Жамааттардан (делегаттарды шайлоо) | Аткарууга жооптуулар | Аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Боо-Терек айылынын Күмүштак жамааты 15 делегат.<br>Жооптуу депутаттар:<br>1. Токтогул уулу И.<br>2. Эсенаманов М.<br>3. Абдрахманов Б.<br>Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери:<br>4. Кабылова С.<br>5. Надырбаева Э.<br>6. Аблаев Дж. | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жумушчу топтун мүчөлөрү | 2024-жыл<br>4-декабрь<br>Саат 14:00<br>Боо-Терек айылы Күмүштак участогунун Нарбото көчөсүндө |
| 2 | Боо-Терек айылынын Кызыл-Бакыр жамааты 15 делегат.<br>Жооптуу депутаттар:<br>1. Жандаралиев А.<br>2. Соорбекова А.<br>3. Сатымкулова Г.<br>Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери:<br>3. Учкемпирова Г.<br>4. Шейшенбеков Ч.<br>5. Тойчубеков А. | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жумушчу топтун мүчөлөрү | 2024-жыл<br>4-декабрь<br>Саат 10:00<br>Боо-Терек айылы, Дуйшебаев атындагы орто мектебинде |
| 3 | Боо-Терек айылынын Шоро (центр) жамааты 20 делегат.<br>Жооптуу депутаттар:<br>1. Бейшебаев Э.<br>2. Джуманазаров К.<br>3. Раманкулова А.<br>Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери:<br>3. Куланбаева Г.<br>4. Жузупбекова А.<br>5. Джекшенканов Ю.<br>6. Алымкулова А. | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жумушчу топтун мүчөлөрү | 2024-жыл<br>4-декабрь<br>16:00<br>Боо-Терек айылынын маданият үйүндө |
| 4 | Кыргызстан айылынан 25 делегат<br>Жооптуу депутаттар:<br>1. Супатаев Б.<br>2. Ашымова Н.<br>3. Тойчубеков Б.<br>Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери:<br>3. Алтынбек уулу Т.<br>4. Даниярова А. | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жумушчу топтун мүчөлөрү | 2024-жыл<br>5-декабрь<br>10:00<br>Айылдык клуб |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 5. Айтпаева К.<br>6. Сманалиева Э.<br>7. Рахманкулова С. | | |
| **5** | 1-Май айылынан 17 делегат<br>Жооптуу депутаттар:<br>1. Макатаев А.<br>2.Сатыбалдиев Э.<br>3. Сопубеков Ш.<br>Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери:<br>3. Бегалиева К.<br>4. Сулайманов А.<br>5. Таштанова Н. | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жумушчу топтун мүчөлөрү | 2024-жыл<br>5-декабрь<br>12:00<br>Жыйындар залы |
| **6** | Жон-Коргон айылынан 8 делегат<br>Жооптуу депутаттар:<br>1. Тойчубекова З.<br>2. Асанова В.<br>Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери:<br>3. Довлеталиев А.<br>4. Бешкемпиров А. | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жумушчу топтун мүчөлөрү | 2024-жыл<br>5-декабрь<br>14:00<br>Жыйындар залы |
| **7** | Күмүштак айыл аймагынын жалпы Элдик жергиликтүү Курултайы | Жумушчу топтун мүчөлөрү, айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаев, айылдык кеңештин төрагасы Б.Акматов | 2024-жыл<br>7-декабрь<br>Боо-Терек айылынын маданият үйү<br>Саат 10:00 |

**Катчы** **С.Саткыналиева**

**№4 тиркеме**

**Күмүштак айыл аймагында жергиликтүү Элдик Курултайга эки делегатты шайлоо боюнча Жобо.**

1. Күмүштак айыл аймагынын жергиликтүү Курултайынын делегаттарынын жалпы саны 100 адамдан турат.
2. Күмүштак айыл аймагында делегаттар төмөндөгү принцип менен шайланат:
   - Жашаган жери боюнча жамааттардан бирден делегат Күмүштак айыл аймагынын жергиликтүү Элдик Курултайына шайланат;
   - Жергиликтүү Элдик Курултайга делегаттар 6 жамааттан шайланат, алар:
   - Күмүштак жамааты 15 делегат (бир тарабы А.Уметалиева көчөсүнөн баштап, экинчи тарабы Т.Базаралиевдин үйүнөн тартып айылдын башына чейинки баардык үйлөр жана ушул бөлүнгөн аймактын тушундагы ички көчөлөр кирет, Жаштар көчөсү дагы кирет);
   - Шоро жамааты 20 делегат (бир тарабы А.Уметалиева көчөсүнөн баштап, Ч.Сатаев көчөсүнүн 243 үйүнө чейин, экинчи тарабы Ч.Сатаев 98 үйүнөн баштап 250 үйүнө чейинки баардык үйлөр жана ушул бөлүнгөн аймактын тушундагы ички көчөлөр кирет);
   - Кызыл-Бакыр жамааты 15 делегат (Ч.Сатаев көчөсүнүн №245 үйүнөн баштап, экинчи тарабы К.Калматовдун үйүнөт тартып айылдын аягына чейинки баардык үйлөр жана ушул бөлүнгөн аймактын тушундагы ички көчөлөр кирет);
   - Кыргызстан айылынан 25 делегат
   - 1-Май айылынан 17 делегат
   - Жон-Коргон айылынан 8 делегат

3. Делегаттарды шайлоо ачык добуш берүү жолу менен ишке ашырылат. Эң көп добуш алган талапкерлерлер делегат болуп шайланат.
4. Гендердик теңдикти эске алуу менен бир жыныстын өкүлдөрү белгиленген квотага ылайык 70 пайыздан ашык боло албайт. Мисалы 15 делегат шайланса, анын 10 делегаты бир жыныстын өкүлдөрү болсо, 5 делегат башка жыныстын өкүлү болушу тийиш. 20 делегат болгон учурда 14 делегат жана 6 делегат болуп болүнөт.
5. Жергиликтүү жамааттардын жыйындарын, тиешелүү аймакка жооптуу болуп бекитилген айылдык Кеңештин депутаты алып барат.
6. Жергиликтүү курултайга делегаттыкка талапкерлерди көрсөтүү ошол жыйындарга катышкан жергиликтүү жамааттын бардык мүчөлөрү ээ.
7. Жыйындар имараттын ичинде, ачык асман алдында, коомдук жайларда ж.б. жерлерде уюштурулуусу мүмкүн.
8. Жыйындардын жана чогулуштардын протоколдору түзүлүшү керек жана ал протоколдордору жана шайланган делегаттардын анкеталары Элдик Курултайды уюштуруу боюнча жумушчу топко тапшырылат.
9. Кайсы бир себептерден улам жергиликтүү курултайдын делегаты мөөнөтүнөн мурда чыгып калган учурда, анын мандаты ошол эле аймактан кийинки көпчүлүк добушту алган делегаттыкка талапкерге ыйгарылат.
10. Күмүштак айыл аймагынын жергиликтүү Курултайы делегаттардын жарымынан көпчүлүгү катышкан учурда укук ченемдүү болуп эсептелинет. Шайланган делегаттардын катышуусун камсыз кылуу жагы ошол аймакка жооптуу болуп бекитилген жергиликтүү кеңештин депутаттарына жана жумушчу топко милдеттендирилет.
11. Күмүштак айыл аймагынын атынан Кезектеги III Элдик Курултайга 2 делегат шайланат. Шайлоо убактысы графикке ылайык жергиликтүү кеңеш тарабынан белгиленет.
12. Элдик Курултайды өткөрүү жана делегаттарды шайлоо боюнча уюштуруу комитетинин 2024-жылдын 29-ноябрындагы №3 чечими менен бекитилген нускамада бекитилген тартипке ылайык жүргүзүлөт.
13. Кезектеги III Элдик Курултайга Күмүштак айыл аймагынын атынан көйгөйлүү маселелер жергиликтүү айылдын курултайында делегаттар тарабынан сунушталат (3төн көп эмес). Бул көйгөйлөр алдын ала уюштуруу комитетине жөнөтүлөт.

**Катчы** **С.Саткыналиева**